4-сабак

Тема 4

# «Кастык тили» Борбор Азия өлкөлөрүндөгү заманбап салттуу жана жаңы медиада

## Подтемалар

— ММКларда жана социалдык тармактарда «кастык тилинин» пайда болуу себептери жана өзгөчөлүктөрү
— Заманбап маалыматтык согуштар: фейктер, боттор жана троллдор «кастык тилинин» булагы катары
— Борбор Азия өлкөлөрүндөгү социалдык тармактарда жана ММКларда «кастык тилинин» пайда болуу өзгөчөлүктөрү

## Предметтердин интеграциясы

«Заманбап казак/кыргыз/тажик/өзбек тили» (өлкөгө жараша), «Эне тилдин кеп маданияты жана стилистикасы», «Этнолингвистикага киришүү», «Заманбап орус тили», «Журналистиканын негиздери», «Журналисттин этикасы», «Медиа этика», «Конфликтологиялык журналистика», «Конфликтология», «Медиа укук», «Текст теориясы», «Лингвистикалык иликтөөлөрдүн заманбап методдору», «Лингвистикалык экспертиза», «Саясий лингвистика», «Заманбап чет өлкөлүк ММК», «Интернет-журналистика», «Стилистика», «Журналисттин ишиндеги социалдык тармактар», «Социалдык журналистиканын типологиясы», «Журналистиканын социологиясы», «Журналистиканын психологиясы», «Маданияттар аралык коммуникациянын теориясы жана практикасы».

## Сабактын максаты

**Когнитивдик:**

— Студенттер «кастык тилинин» пайда болуу себептерин билет жана анын Борбор Азиянын ар бир өлкөсүндөгү өзгөчөлүктөрүн түшүнөт;
— Студенттер фейк жаңылыктардын технологиясын тааный билишет, алардын авторлорунун максатын, таркатуу себептерин түшүнүшөт;
— Студенттер манипуляциянын, пропаганданын, агитациянын, психологиялык агрессиянын табиятын жана «кастык тилин» колдонуу максатын тааный билишет;
— Студенттер заманбап медиа чөйрөдөгү процесстерди сүрөттөө үчүн колдонулган терминдердин маанисин билишет жана түшүнүшөт.

**Социалдык-эмоционалдык:**

— Студенттер ар бир адамды анын кайсы группага таандык экенине, көз караштары дал келбегенине, этникалык жана расалык айырмачылыгына, дене жана менталдык өзгөчөлүктөрүнө карабай алардын укуктарын сыйлоо керек экенин түшүнүшөт;
— Студенттер пикирди ачык айтуунун соңку максаты болгон сөз аркылуу кимдир бирөөгө зыян келтирип алуу коркунучу бар экенин түшүнүшөт;
— Студенттер адамдар менен баарлашууда, кесиптик чөйрөсүндө, медиа мейкиндикте сөздү тандап колдонууга аң-сезимдүү мамиле кылышат.

**Жүрүм-турумдук:**

- Студенттер эл алдында ачык сөз айтууда, дискуссияларда «кастык тилинин» болушуна чектөө коё алышат;
- Студенттер жаңы терминдерди орундуу пайдалана алышат, алардын заманбап нормаларга шайкештигин текшерип, адистердин кеңештерин аткарышат;
- Студенттер формалдуу эмес коммуникацияда, кесиптик чөйрөдө тилдик агрессияны төмөндөтүү амалдарын таап жана колдоно алышат;
- Студенттер «кастык тилинин» пайда болуу себептерин анализдей алышат, автор эмне үчүн ага барганын, чыныгы максаттарын талдай алышат;
- Студенттер конфликт же талаш учурунда маектешинин жеке адамдык сапаттарына өтпөстөн, маданияттуу түрдө талкууну жүргүзө алышат.

| | |
|---|---|
| **Сабактын узактыгы** | 1 саат 20 мүнөт |
| **Сабак өтүү методу** | Өз алдынча иштөө (сабакка чейин): тема боюнча булактар менен иштөө (публикациялар, теле-, радиопрограммалар, иликтөөлөр, мониторингдун отчеттору ж.б.), дискуссия, ачык жана бышыктоочу суроолор, мугалимдин презентациясы, талкуу, онлайн-тестирлөө.<br><br>**Мугалим үчүн кеңештер.** Мугалим алдын ала студенттер изилдей турган булактардын тизмесин даярдап коёт. |
| **Баалоо методдору** | Көнүгүүлөрдү аткаруу, бышыктоочу суроолор, онлайн-тест, мисалы Kahoot (Qlever) мисалында. |
| **Негизги түшүнүктөр** | «Дискриминация», «экстремизм», «ксенофобия», «гомофобия», «расизм», «сексизм», «улутчулдук», «антисемитизм», «этноцентризм», «толеранттуулук», «инклюзивдүүлүк», «саясий сыпайылык», «троллдор», «буллинг», «хейт», «фейк», «дезинформация». |
| **Керектүү ресурстар** | Флипчартка же слайдка жазылган сабактын максаты, видеопроектор, компьютер, түстүү кагаз, кайчы, маркер, доска, скотч. |

## Сабактын планы

## 1. ЧАКЫРЫК

**Керектүү материалдар:** Борбор Азия өлкөлөрүндөгү кейстерди, «кастык тили» кездешкен тасмалардан, ММК программалардан жана публикациялардан, саясатчылардын сөздөрүнөн, заманбап аткаруучулардын чыгармачылыгынан, көңүл ачуучу шоу программалардан мисалдарды алдын ала даярдап коюу керек.

**Сабакты жүргүзүү методикасы.**

Мугалим өз тандоосуна жараша мисалдарды келтирет: тасмалардан, «кастык тили» кездешкен ММК программалардан жана публикациялардан, саясатчылардын сөздөрүнөн, заманбап аткаруучулардын чыгармачылыгынан, көңүл ачуучу шоу программалардан мисалдар.

**ТАЛКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР**

1. Эмне үчүн бул материалдарда адамдар «кастык тилин» колдонушкан?
2. Социалдык тармактарда же жашоодогу кодулоо көрүнүштөрү силерге таанышпы? Силердин оюңарча, массалык кодулоо, агрессия эмнеге негизделет?
3. Кандай сөздөр контекстке жараша ар кандай кабылданышы мүмкүн? Мисал келтиргиле.

## 2. МААЛЫМАТ МЕНЕН ИШТӨӨ

**Сабакты жүргүзүү методикасы.**

Борбор Азия өлкөлөрүндөгү кейстер менен иштеп жатканда мугалим студенттерге төмөнкү суроолорго жооп берүүнү сунуштайт:

1. Конфликтсиз коом мүмкүнбү?
2. Социалдык тармактарда кездешчү «кастык тилине» мүнөздүү кандай көрүнүштөрдү байкайсыңар? Анын булагы ким жана анын максаты кандай?
3. «Троллдор фабрикаларынын» активдүү аракеттери коомдогу кандайдыр бир окуялар менен байланыштуубу? Мисал келтиргиле.
4. «Кастык тилин» колдонуунун жана фейк маалыматты таркатуунун кандай кесепеттери силерге тааныш?

# 3. АРАКЕТТЕН

## ПУБЛИКАЦИЯЛАРДЫН БАШ СӨЗДӨРҮН АНАЛИЗ КЫЛУУГА КӨНҮГҮҮ

**Сабакты жүргүзүү методикасы.**

Мугалим студенттерге бир публикациянын баш сөзүн окуп чыгып, аны анализ кылууну сунуштайт: «*Ушуга жетип калдык! Россияда мигранттардын бутун өбө башташты*» (Россия Федерациясындагы активисттин Борбор Азиядан келген мигранттын алдында чөгөлөп, бут кийимин тазалап бергени жөнүндө макала).

### ТАЛКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кандай деп ойлойсуңар, бул баш сөз кандай максатты көздөйт?
2. Бул баш сөз автордун (же редакциянын) публикациянын каармандарына болгон кандай мамилесин билгизип жатат?
3. Силердин оюңарча, бул баш сөз окурмандар тарабынан кандай кабылданышы мүмкүн: бейтарап, терс, оң маанайда. Өз тандооңорго аргументтерди келтиргиле.
4. ММК мындай баш сөздү эмне үчүн колдонду, буга эмне түрткү кылды, себебин атагыла?
5. Кастык мамилени чагылдырбаган баш сөз боюнча өз варианттыңарды сунуштагыла.

**Мугалим үчүн кеңештер.**

Студенттердин мындай түшүнүгүн калыптандыруу керек, «кастык тили» эч кандай кемсинткен же мазактаган сөздөрдү колдонбой эле терс мамилени чагылдырууга жол берет. Баш сөздөгү бир дагы сөз кандайдыр бир терс мааниге ээ эмес, бирок алардын баары биригип келип эмгек мигранттарына болгон жаман мамилени билдирип жатат. Ошондуктан публикациялардын авторунун себептерин, максатын аныктоого, публикациялар менен посттордун контекстин изилдегенге, андай тексттердин аудиторияга таасирин баалоого үйрөнүү керек: бул текст толеранттуулукка түртөбү, агрессияны азайтабы, коомдогу жек көрүүчүлүктү төмөндөто алабы.

# 4. САБАКТЫ ЖЫЙЫНТЫКТОО

**Сабакты жүргүзүү методикасы.**

Мугалим студенттерге өтүлгөн сабактын жыйынтыгын чыгарып, кыскача эки суроого жооп берүүнү сунуштайт:

1. Бул сабактан мен эмне билдим?
2. Бүгүнкү сабактан эмнени үйрөндүм?

# Маалыматтык обзор

## ЗАМАНБАП МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫНДА ЖАНА КОММУНИКАЦИЯ МЕЙКИНДИГИНДЕ «КАСТЫК ТИЛИНИН» ПАЙДА БОЛУУ ЖАНА АНЫ КОЛДОНУУ СЕБЕПТЕРИ

«Кастык тили» — бул конфликттин сөз колдонулган тили. Конфликттер, өз кезегинде, карама-каршы позициялардын, көз караштардын, дүйнө таанымдын, лидерлер ортосундагы, коомчулуктардын, этностордун, мамлекеттердин ортосундагы келишпестиктердин натыйжасы, башкача айтканда, ар түрдүүлүктөрдүн ортосунда пайда болгон келишпестиктер. Конфликттер дайыма болуп келген, болууда жана боло берет, адамзатын ал дайыма коштоп жүрөт, коомдо, индивиддер ортосунда, ал тургай адамдын өзүнүн ичинде да конфликт болуп турат, демек кептик агрессия адамдын жашоосундагы коммуникациянын байыркы жана ажырагыс бөлүгү, адамдын өзүн инсан катары чагылдыруусунун бир формасы.

Байыркы Римде эле риторикага «жеке сапаттарга өтүү» (*лат. ad personam*) деген термин киргизилген — түз сын айтуу же атаандашты мазактоо. Бул метод ачык дебаттарда аудиторияны ынандыруунун натыйжалуу амалы катары коллонулган, анткени бул метод эмоцияны, жашоого болгон көз караштарды жана угуучулардын жеке ынанымдарын козгойт. Ыкма риторикадагы кадыресе көрүнүш катары саналган, ал азыркыга чейин эл алдында сүйлөөдө активдүү колдонулуп келет. Муну менен бирге, бир нерсени түшүнүү керек, кастык тили — бул коомдун өнүгүшүнүн бул же тигил учурунда социалдык норма сызып бере турган чек. Ал белгисиз бир жактан пайда болбойт, кайсы бир учурларда нормалар өзгөрөт жана тилдин кайсы бир бөлүгү тыюу салууга кабылат же тескерисинче. Бул жандуу процесс, ал коомдогу өзгөрүүлөрдү чагылдырып турат, ар бир өлкөнүн контексти эске алынат, анын коомчулуктарынын, маданий нормаларынын, баалуулуктары менен салттарынын ошол учурдагы өнүгүү контекстин чагылдырат.

Мисалы Кыргыз Республикасында денени көрсөтпөй жабуу жана сакал коюу сыяктуу талаптарды аткарган, салттуу араб кийимин кийген мусулмандардын көбөйүшү менен, мурда «кастык тили» катары эсептелбеген кадимки сөздөр, азыр башкача эмоционалдык боёк менен колдонула баштады. *Сакалчан*, *дамбалчан*, матрешка (орус. Жоолук салынган кызды сүрөттөгөн жыгач оюнчук) деген сөздөр эч кандай терс мааниси жок бей тарап сөздөр катары колдонулуп келген. Бүгүнкү күндө алар эки мааниде колдонулат:

1) Бейтарап мааниде: «Апасы кызына дүкөндөн матрешка сатып берди», «Азыр сакалчан жаш эркектер модага айланды, хиппстер деп аталып»;

2) Жаңы терс маанисинде: светтик мектептерде бетин жапкан кыздарды оюнчукка окшоштуруп матрешка деп шылдыңдашат; дамбал кийген жергиликтүү мусулмандарды, — дамбалчан, сакалчан деген сөздү «сакалчан-мусульман» же «диний фанат» деген мааниде колдоно башташты.

Бул учурда «кастык тилинин» булагы — «арабдашуунун», «диний фанатизмдин» каршылаштары, светтик нормаларды же жергиликтүү улуттук салттарды кармангандар, алар турмушка чыкканга чейин кыздарына жоолук салынтпайт, эркектер улгайган куракка чейин узун сакал койбойт, ич кийимин элге ачык көрсөтүүнү уят иш катары көрүшөт.

Негр, инвалид деген сөздөр орус тилинде, адабиятта жана оозеки речте бейтарап мааниде эле колдонулуп келген, бирок азыркы учурда толеранттуулук саясатынын жана саясий сыпайылыктын таасири менен бул сөздөрдү колдонбоого чакырышат, анткени бул сөздөр бул же тигил топту кемсинткендиктен аларды башка сөздөргө алмаштыруу сунушталат: инвалид же майып эмес, майыптыгы бар адам, негр эмес – афроамерикалык адам. Борбор Азия өлкөлөрүндө расалык дискриминация АКШдагыдай анча актуалдуу эмес, жана майыптыгы бар адамдардын укуктары да коомдогу маанилүү маселелердин катарына али кире элек, бардык эле журналисттер дана тармактын колдонуучулары жогорудагы кеңештерди аткара беришпейт, мисалы, эл аралык тажрыйбада орой деп эсептелген сөздөр ММК публикацияларында көп эле кездешет. Бирок айрым ММКлар адамдын аныктап атоо үчүн бейтарап сөздөрдү колдоно башташты, мисалы Tengrinews.kz ресурсу публикациясынын каарманын ким экенин айтууда, анын өлкөсүн, кайдан келгенин нигериялык (нигериец) деп көрсөткөн.

Адистер кабатыр кылган тенденцияны белгилешет: адабий тил нормасы медиа мейкиндиктен акырындап кетип, анын ордун көчө тили же түрмө жаргондору ээлеп жатат. Нормадан тыш лексик, кылмыш чөйрөсүнүн сленгдери түстүү мүнөздө жана эмоционалдык жактан көркөмдүү болгондуктан аларга суроо-талап өсүүдө. Мындай лексикалык тон саясатчылардан башталган: «Будем мочить в сортире!» (бул сөздү В. В. Путин 1999-жылы 2-сентябрда Астанада өткөн пресс-конференцияда айткан, ал кезде Путин Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн Төрагасы болчу), ошондон кийин ММК кайра-кайра нускалап чыгарып, башка саясатчылар туурап, ток-шоу продюсерлери, киноиндустрия, шоу-бизнес, соцтармактардын колдонуучулары улап кетишти.

Ошентип социалдык-маданий нормалардын алмашышы, баалуулуктардын багытынын өзгөрүшү тилдик нормаларга таасир этет, бир жагынан «кастык тилинин» пайда болушун чектеген чектерди коет, экинчи жагынан анын лексикасын байытып жана колдонуу аймагын да кеңейтет.

## ЗАМАНБАП МААЛЫМАТТЫК СОГУШТАР: ФЕЙКТЕР, БОТТОР, ТРОЛЛДОР «КАСТЫК ТИЛИНИН» БУЛАГЫ КАТАРЫ

Заманбап саясий технологиялар медиа аркылуу «кастык тилин» колдонуу менен коомдук пикирди манипуляция кылуунун стратегиясын иштеп чыгышууда. Салттуу ММК жана социалдык тармактар мамлекеттердин өкмөттөрүнүн ортосундагы гибриддик согуштардын аянтчасына айланды, саясий атаандаштарын каралай турган маалыматтарды жайгаштыруу жайы болуп калды, айрыкча шайлоо кампаниялары убагында, сясий кризис учурунда, чек ара чыр-чатактары же соода согуштары орун алган мезгилдерде. Биз тилдик агрессиянын эки түрүн белгилей алабыз – ойлонулуп, атайлып жасалган түрү жана ойлонбостон, байкабастан жасалган түрү.

«Тролддор фабрикасы», боттор — бул жаңы медиа инструменттери саясатта жана бизнесте виртуалдык согуштардын, «кара» пиардын ажырагыс бөлүгүнө айланды. Мындай «фабрикалардын» карамагында реалдуу адамдардын тобу иштейт, алардын ондогон-миңдеген фейк аккаунттары бар, алар аркылуу акы төлөнчү заказдар аткарылат. Мындай жергиликтүү «фабрикалардын» иши тууралуу Борбор Азиянын ар бир өлкөсүндө ММКлар жазышат. «Тролддор» менен боттор методу — заказ кылган адамдын жакшы имиджин агрессивдүү түрдө таанытуу, анын атаандашын каралоо, кандайдыр бир баалуулуктарды, чечимдерди пропагандалоо же антипропаганда кылуу, коомдо ажырымды пайда кылуу жана ага шыкактоо, жек көрүүчүлүк очокторду жаратуу. Мындай «фабрикалардын ишине» көп учурларда ар кандай форматтагы салттуу ММКлар да, жаңы медиа (YouTube-канал, соцтармактардагы баракчалар) жана өзүнүн ник аты менен заказ аткарган реалдуу колдонуучулар да тартылышат.

Адатта талкуу учурунда конфликтти жаратышы мүмкүн болгон темалар колдонулат: улуттар менен этностор, дин, саясий көз караштар, гендер жана сексуалдык багыт, геосаясат, патриоттуулук, кыскасы, талаш чексиз улана бере турган, жеңүүчүлөр болбой турган темалар. Бул үчүн эң ыңгайлуу тилдик каражаттар жек көрүүчүлүк тили, фейк маалыматтар (текст, жасалма фото-, видео), мемдер. Фейк никтердин алдындагы массалык комментарийлер белгилүү бир ынанымды пайда кылууга багытталган – бир нерсе же кимдир бирөө жөнүндөгү оң же терс коомдук пикирдин багытын калыптандыруу. Мунун менен бирге массалык түрдө кылып көрсөтүү илюзия үчүн жасалат, коомдун көп бөлүгүнүн пикирин көрсөтүү жана кандайдыр бир аракеттерге түртүү үчүн. Соңку максат – колдонуучулардын аң-сезимине, пикирине таасир этүү, аларды белгилүү бир чечим кабыл алууга түртүү, мисалы – кайсы бир талапкерге же партияга добуш берүү же добуш бербөө, оппозиция лидерин колдоо же колдобоо, кандайдыр бир продукцияны же кызматты сатып алуу же баш тартуу, бийликтин чечимдерине колдоо же каршы чыгуу ж.б.

Мындай максаттуу кызытуу коомдун бөлүнүшүнө алып келет, реалдуу колдонуучулар чагымчыл контентке эмоциялары менен жооп берип, оппоненттери менен жалаң гана «кастык тилинде» сүйлөшүүгө өтүшөт, мазак-

тоо жана зомбулукка радикалдуу чакыруулар орун алат. Бул айрыкча Борбор Азия мамлекеттеринин ортосундагы чек арага байланыштуу чыр-чатактар убагында көп байкалат. Окуя болгон жерден тартылган видеолор WhatsApp аркылуу таркатылып, YouTube, Instagram, «Одноклассники» ресурстарына жайгаштырылып, аларды комментарийлер, «жазасын берүү, ордуна коюу, үйлөрүн өрттөө, жок кылуу» ж.б. чакырыктар менен коштолот. Бул албетте коомдогу жек көрүүчүлүктүн деңгээлин жогорулатат, айрыкча чыр-чатак орун алган чек ара аймактарында, ансыз да кыйнап келген экономикалык, социалдык чөйрөлөрдөгү көйгөйлөрдүн, чыр-чатактарды алдын алып, тынчтык жолу менен чечүүгө жөндөмсүз бийлик өкүлдөрүнүн аракетсизидиги менен кесипкөй эместиги буга кошул-ташыл болуп берет.

Интернеттеги сөз эркиндиги жана пикир билдирүү эркиндиги, купуялык, форумдун жана социалдык тармактардын катышуучулары менен аралыктан туруп баарлашуу, жазаланбайм деген ишеним, дароо эле массалык түрдө адамдарды тартканга боло турган виртуалдык мүмкүнчүлүк «кастык тилин» колдонуу менен эки тараптуу агрессияны оңой эле пайда кылганга жол берет, кандайдыр бир белгисине карата – кийингени, көз караштары, сексуалдык багыты ж.б. боюнча массалык кодулоону (буллинг, моббинг) мүмкүн кылып берет.  Бойго жетүү курагындагы балдардын арасында онлайн-кодулоонун (кибербуллинг) натыйжасында суициддин - өз өмүрүн кыйгандардын саны өсүп жатканы байкалат. Мындай окуялар кибербуллицид деген аталышка э болду. Кибербуллингге чоңдор да кабылышат — артисттер, активисттер, элге таанымал адамдар. Терс баасын же пикирин дароо айткан адамдар — хейтерлер деген атка ээ болушту (англ. hate — жек көрүү). Социалдык тармактарда ар кандай адамдар, ар түрдүү лексика, ар башка маданий деңгээлдер, ар кандай тарбиядагы жана билимге ээ адамдар, түрдүү дүйнө таанымдар аралашып калды. Мындай көп түрдүүлүк чыр-чатактарды жаратып жана өз ара бири-бирине таасир этүү ишке ашат. Кастык тилинин активдүүлүгү ошондой эле, бул же тигил адам тууралуу да же талкуу болуп жаткан предмет жөнүндө толук маалыматтын жоктугунан же чындыкка дал келбеген маалымат менен алмаштырылгандыктан коомчулукта стереотиптер менен сенек ынанымдардын пайда болушуна да байланыштуу.  Адатта, сенек стереотиптер, ынанымдар, ишенимдер билими төмөн жана маданий жактан өнүкпөгөн чөйрөдө, теңчилик, көп түрдүүлүк, толеранттуулук, инклюзия, социалдык интеграция принциптери тууралуу маалыматка ээ болуу чектелген шартта, айрыкча ар кандай маданияттардын, диндердин, этностордун ж.б. тынчтыкта жашаган тажрыйбаларынан оолак болгон жабык коомчулуктарда өнүгүүгө абдан жакшы мүмкүнчүлүк алат.

Бул контекстте  ойлонулбаган же түшүнбөстүктөн «кастык тили» жаралышы мүмкүн — катардагы колдонуучулар тарабынан да, ММКларда да. Журналист же редактор да стереотиптердин тузагына илиниши мүмкүн, бул же тигил терминди колдонууга болбой турганын же кооптуулугун билбегендиктен, аларды көркөмдүү текст үчүн, элди өзүнө тарткан анонс, сенсация үчүн, аудиториянын күтүүлөрүн аткарууга умтулуп жана көп катталуучуларды же көрүүчүлөрдү тартуу үчүн колдонушу мүмкүн.

## БОРБОР АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮНДӨГҮ МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫНДА ЖАНА СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДА «КАСТЫК ТИЛИНИН» ПАЙДА БОЛУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Колуңардагы «Кастык тили» курсунда Борбор Азиянын 4 өлкөсүндө BRYCA долбоорунун алкагында 2020-жылдан 2022-жылга чейин ММК, социалдык тармактарда, пикирлер лидерлеринин ачык сүйлөнгөн сөздөрүнө карата жүргүзүлгөн мониторингдин жүрүшүндө катталган айрым фактылар келтирилди. Комментарийлердин авторлорунун стили, грамматикасы жана орфографиясы сакталды.

### Казакстан Республикасы

#### «Кастык тили» жана дезинформация камтылган темалар

Улутчулдук (дээрлик бардыгы жөнүндө, айрыкча, дунгандар, кытайлар жана орустар), салафизм, синофобия, тил (казак, орус), өзүн-өзү шылдыңдоо, дин, салыштыруу (терс мааниде) жана гендердик теңсиздик.

#### Контекст жана триггерлер

**Пандемия COVID-19.** Мониторинг учурундагы казакстандык медиада негизги тема — коронавирустун жайылышы болду. Калк ичинде активдүү пайдаланылган WhatsApp мессенжеринде мониторинг учурунда вирус жуктуруп алгандардын саны, вакцина, укмуш кереметке ээ элдик дары-дармектер жөнүндөгү фейктер кеңири жарык көрдү.

**Синофобия.** 2020-жылдын 14-апрелинде Казакстан Республикасы кытайлык www.sohu.com сайтындагы «Эмне үчүн Казакстан Кытайга кайтууга умтулууда» деген макалага байланыштуу Кытай Эл Республикасына (КЭР) наарызылык нотасын жөнөттү. Макалада Казакстан мурда Кытайдын аймагы болгон жана көптөгөн казактар азыркыга чейин КЭР менен кошулууну каалашат деп айтылган. Макала чоң чуулганды жаратты жана ансыз да Кытай өлкөнүн эгемендүүлүгүнө кол салууда деген чочулоолорду ого бетер кызытты. Мындай публикациялардын алдында комментарийлер абдан көп болду жана негизинен жактырбоо риторикасы орун алды: “*Кайтаруу??? Вирус үчүн бүт дүйнө менен биригип тартып алыш керек. АКШ жана британдар тарабынан эми эле ушуга аракет көрүлүп жатат. Биз болгону аларга кошулушубуз керек. Коммунягдар даана эле четте калат. Помпое сөз жок колдойт, керек болсо, кызматташуу үчүн акча берет*” («*Вернуть???нужно отжимать вместе с остальным миром ущерб за вирус. уже готовится почва со стороны США и британцев. Нам нужно просто задвигаться. тут уже без шансов оставим коммуняг. помпео поддержит однозначно. еще бабла подкинет за сотрудничество*»).

Булагы: Tengrinews.kz

Ошондой эле бул тренд биринчи жолу Кытайда катталган коронавирустун жаңы түрүнө байланышту адамдардын коркунучутарынан улам пайда болду.

**Дискриминация, коронавирус менен ооруп калгандардын өмүрүнө жана ден соолугуна кооптонуулар**

Тбилисиден Алматыга учуп келген казакстандык блогер кызды кодулоо кейси. Ал коронавирус жуктуруп алганы тастыкталгандан кийин бир нече интервью берип, бул туурасында элге айтууну чечкен. Ошондон кийин ал хейт жана жек көрүүчүлүктүн толкунуна кабылган. Адамдар аны чет өлкөгө барганы үчүн сынга алышты. Айрыкча аны аэропорттон алып келген таксистке вирус жугузду деген терс маанайдагы комментарийлер көп болду. Кийинчерээк WhatsApp аркылуу жалган маалымат таркатылып, ал кыз Мальдивада эс алып келиптир, Алматыда эмес, Павлодарда жашайт экен деп чыгышты. «*Таксистке вирус жугузду деп айрым адамдар мени өрттөп жибериш керек деп, түрмөгө да салгылары келишти. Бирок бизди аэропорттон дароо эле чыгарышкан*». «*Кимдир бирөө WhatsApp аркылуу таркатуу жөнөтүп, менин Instagram баракчама шилтеме кылып, мени Павлодарлык кыз экен, Мальдивадан учуп келип, бийлик өкүлдөрүнөн качып жүрөт, адамдарга оору жугузуп жатат деп маалымат таратышты. Мага толтура каргыш жаады*».

Булагы:
Tengrinews.kz

Дагы бир кейс Казакстандын айрым региондорундагы коронавирус жугузуп алгандарга каршы агрессивдүү маанайды ачык көрсөтөт. Кызыл-Ордо облусунда бейтапканада иштеген вирус жугузуп алган медсестранын жеке маалыматтары Тармакта тарап кеткен. «*Бардык маалыматтар камтылган расмий документ соцтармактарда тарап кетти. Эми үй-бүлөмдү туш тараптан телефон чалып тынчын алып жатышат: "А, көрсө силер турбайсыңарбы". Кырдаал оор болду. Агрессияга туш болдум. Айылда баары бири-бирин билишет, телефон чалышат. Алар чогулуп келип, алардын үйлөрүн карашат. Эмне үчүн экени түшүнүксүз. Азыр баарын үйлөрүнө тарагыла деп сурандык. Бирок абдан жагымсыз болду*».

Булагы:
Tengrinews.kz

Мониторингдин эксперттери белгилегендей, мындай агрессивдүү мамиле Казакстандын алыскы региондоруна мүнөздүү. Негизинен калк арасында катуу дүрбөлөң болгон жок, адамдар бири-бирин колдоп, кары-картаңдарга жардам берүүгө аракет кылышты. Муну жаңылыктарга карата жазылган комментарийлерден көрүүгө болот, ал жакта окурмандар негизинен кызды кодулоону сынга алышып, бул орто кылымга таандык жосун экенин айтып жатышты.

**Улуттар аралык араздашуу**

Кордайдагы тополоң: бир нече адамдын ортосундагы чатак жергиликтүү жашоочулардын – казактар менен дунгандардын кагылышына, массалык өрт-

төөлөргө, айрым жашоочулардын Кыргыз Республикасына качуусуна алып келди. Өкмөттүн жумушчу комиссиясы чатактын себептеринин бири деп тиричиликке байланыштуу чатак жана дунгандар менен казактардын чек ара аймагындагы мыйзамсыз кылмыштуу ишмердүүлүгү деп көрсөттү. Президенттин казак эли менен казак тилин урматтоо керек деген билдирүүсү калк ичинен кеңири колдоо тапты: «*Президент казак тили боюнча туура айтты. Башка улуттагылар, казак тилин үйрөнгүлө, ошондо баары жакшы болот, казактарды, салт-санааларды сыйлагыла*». Бул 2020-жылдын февралындагы негизги трендди таасын көрсөтөт, коомдук талкууларда катаал «кастык тили» абдан күчөгөн. Зомбулукка чакырыктар айтылып, дунгандарды жана казак тилин билбеген башка этносторду басынтууга чакырып жатышты.

**Аялдарга карата дискриминация**

Аялдарга карата дискриминация мезгил-мезгили менен баш создөрдө, эксперттердин сөздөрүндө байкалып, ал окурмандардын комментарийлеринен колдоо таап жатты: «*Гендердик теңсиздикти жоюуда жетишилген прогресске карабай, Казакстанда калктын 96%да дагы деле аялдарга карата терс ынанымдар бар, аларды анализдөө менен аялдар кесиптик чөйрөдө да, жеке жашоосунда да теңчиликке жетүүдө туш болгон көзгө көрүнбөгөн тоскоолдуктарды түшүнүүгө болот*", *— деп белгилейт БУУӨПдүн Казакстандагы туруктуу өкүлү Якуп Бериш.*

Булагы:
Sputnik Казахстан

Казак тилиндеги материалдардын көбү кыздарды маркер менен товарга салыштырган Омар Жалел менен байланыштуу.

Булагы:
Tengrinews.kz:
Кош бойлуу кыздын айынан Алматынын жанындагы “Асыл Арман” турак-жай комплексинин подъездин курчоого алышты.

Булагы:
Instagram: Бүгүн Алматыда аялдардын укугун коргогон марш өттү.

Казакстан Республикасындагы «кастык тили» көп кездешкен веб-сайттар жана социалдык тармактар:

— zakon.kz
— Abai.kz
— Qamshy.kz
— Alashainasy.kz
— stan.kz
— qazaquni.kz

Казакстан Республикасындагы дезинформация көп кездешкен веб-сайттар жана социалдык тармактар:

— total.kz
— zakon.kz
— Abai.kz
— Qamshy.kz
— jasqazaq.kz
— stan.kz
— sn.kz
— рассылка в WhatsApp
— Facebook

## Кыргыз Республикасы

### «Кастык тили» жана дезинформация камтылган темалар

Китайлар, коронавирус, тажик-кыргыз мамилелери, башка этносторго карата мамиле (өзбектерге, уйгурларга, дунгандарга, казактарга ж.б.), кайсы бир кесип ээлерине карата мамиле (дарыгерлерге, милиционерлерге ж.б.), трайбализм (түндүк жана түштүк), ички мигранттар темасы («айылдыктар», «мырктар», «ушул баскынчылар» («эти понаехавшие»), «жапайылар» ж.б.), педофилия, аялдарга карата зордук-зомбулук.

### Контекст жана триггерлер

#### Аялдарга карата дискриминация жана ЛГБТ

Шылтоо —2020-жылдын 8-мартында фем-активисттери тарабынан Бишкекте өткөрүлгөн аялдарга карата зордук-зомбулукка каршы марш милиция тарабынан жана белгисиз агрессивдүү эркек адамдардын жардамы менен ойрлук менен таркатылган. Көпчүлүк колдонуучулар терс маанайда кабыл алышты: *«ушул аялдар тажаты, митингге чыкпай үйүндө эле отурушса, аларга бул жарашпайт, баарына коронавирус жугузуп салса, милиция азаматтар* (орус. - *достали, пусть сидят дома, не выходят на митинги, им это не идёт, вот бы их всех заразить коронавирусом, милиция-молодцы*)». Мониторингдин эксперттеринин баамында мындай терс маанай аялдар укугун коргоо боюнча ага чейинки маршка байланыштуу болду, ага ЛГБТ өкүлдөрү катышып, гейлер коомчулугунун эл аралык символикасын чагылдырган желекчелерди көтөрүп чыгышкан. Феминисттердин маршы жергиликтүү эл арасында ЛГБТ коомчулугу менен чаташтырылып, ошондуктан алар марштын куулганын колдоп чыгышты. Активистердин «Бүгүн гүл белекке алып атасың, эртең очоктун жанында туруп каласың» (орус. - Сегодня ты принимаешь цветы, а завтра ты стоишь у плиты) деген лозунгдары феминисттик жана коомдогу салттуу баалуулуктардын ортосунда карама-каршылык жараткандыктан терс реакцияны жаратты. Чабыштыруу үчүн Тармакка фейк сүрөттөр чыгарылды, феминисттердин плакаттары чагымчыл тексттерге өзгөртүлүп берилди: «Мен аялдарга карата зомбулукка каршымын», «Зомбулукту токтотуу керек» дегендин ордуна — «Мен чай куйбайм», «Мен күйөөгө тийбейм», «Мен төрөбөйм» деген тексттер пайда болду, бул да комментаторлордун кыжырдануусун күчөтүп, алардын дарегине карата «кастык тилин» колдонууга түрткү болду.

#### Пандемия COVID-19, синофобия

2020-жылдын 9-апрелинде Кытай Эл Республикасы (КЭР) Кыргыз Республикасынын медициналык кызматкерлерине коронавирус менен күрөшүүдө гуманитардык жардам көрсөттү. Бул иш чарага саламаттыкты сактоо министри менен анын орун басары катышкан. Кытай элчиси Ду Дэвень эки элдин бир туугандыгын жана жардамдашуунун маанилүүлүгүн белгилеген. Бирок интернет-колдонуучуларынын комментарийлери өтө негативдүү болду. Вирустун Кытайда пайда болгону соцтармактарда синофобиянын өсүшүнө тасир этип, бийликти Кытай-

дан жардам кабыл алганы үчүн сынга алышты: «*Алгыла элге тараткыла ооро жугузгула кырып салгыла элдин баарын силерге не акча эле болсо болду да, кытайлар кыргызга качан бир тууган болду эле, Калыгул айткандай кытай кыргыздын биринчи душманы*».

**Пандемия COVID-19, исламофобия**

Умрага баргандарга, жана жалпы эле исламдагы диний адамдарга карата агрессия, жек көрүүчүлүк кескин өскөнү байкалды. Коронавируска байланыштуу коркуу, дүрбөлөңгө түшкөн абалдан улам, айрымдары вирус жугузуп келип, анализ жана дарылануудан баш тартып, күч менен карантинге салуу, элден бөлүү чараларынан качууга аракет кылган зыяратчыларга карата агрессиянын күчөшүнө түрткү берди. Колдонуучулар аларды бир катар болушу мүмкүн болгон көйгөйлөр үчүн айыпташты: «*ошолордун айынан эми бүт Кыргыз Республикасынын калкы коркунучта*» (орус. – “*из-за них теперь всё население Кыргызской Республики под угрозой*”) . Адамдар зыяратчылар дүйнөдөгү коронавируска байланыштуу кырдаалды билип туруп Меккеге баргандары үчүн жек көрүүсүн, кыжырдануусун ибилдирип жатышат: “Алар ойлошсо керек, Кудай аларды ошол жактан сактап калат деп”, “биротоло ошол жакта калышпайт беле, өлгөнчө” (орус. – «*они, наверное, думали, что Бог их там спасёт*», «*оставались бы там до конца, до смерти*»).

Булагы:
Facebook.com

Кыргыз медиасындагы көпчүлүк жаңылыктардын баш сөзүндө коронавирус жугузуп алгандар ажылыктан келгени туурасында айтылып турду. Ошондой эле чагымчыл мүнөздөгү баш сөздөр да орун алды: “*Ажылыктан коронавирус жугузуп келгендер үйлөрүнө коё берүүнү суранып жатышат*”, “*Аэропорттон алар текшерүүнүн зарылчылыгы жок, алар ыйык адамдар экенин айтышкан*”, “*Коронавирус жугузуп алгандар Бишкекке 2020-жылдын 2-мартында эле келип*, 150 *адамга той өткөрүп да жетишкен*” (орус. – «*Вернувшиеся из хаджа зараженные коронавирусом просят их отпустить домой*», «*В аэропорту они говорили, что их не надо проверять, потому что они святые*», «*Заразившиеся коронавирусом вернулись в Бишкек еще 2 марта 2020 года и успели провести тои в 150 человек*»). Канча адам ажылыкка кеткени, дагы канчасы кайтып келээри туурасында жаңылыктарда дайыма айтылып турду. Мындай жаңылыктар Тармактагы колдонуучулардын өтө терс жана агрессивдүү комментарийлерин пайда кылды.

**Пандемия COVID-19, чек ара чатактары**

«*Кыргыздарды көрсөңөр, кабарлагыла*». Тажикстанда Кыргыз Республикасы менен чектешкен айыл изоляцияга алынды.

Булагы:
Kaktus.media

Тажикстандын Согди облусунун Хистеварз айылында коронавирусту жайылтпоо максатында бийлик өкүлдөрү Тажикстан менен Кыргыз-

стандын Лейлек районуна караштуу Борбордук айылын байланыштырчу бардык жолдорду убактылуу жабууну чечти: «Биздин кыштактагы бардык көчөлөр, жолдор жабылды, Хужандка кетчү чоң трасса дагы жабык. *Биздин кыштактын жашоочулары кыргыз айылдарынын жашоочулары менен байланышпашы үчүн, айылдагы айрым жолдордо аңдар казылган, айрымдарында шагыл төгүлгөн, кээ бир жерлерде тосмолор орнотулган». Бул жаңылык кыргызстандык колдонуучулардын негативдүү комментарийлерин пайда кылды: "Биздин коңшуларыбыз менен душмандын да кереги жок! Биз ӨА бүткөндөн кийин Кыргыз Республдикасында Тажикстандык жүктөрдү ташууга жана алардын жарандарынынын ары-бери жүрүүсүнө катаал көзөмөл киргизишибиз керек, анткени таң калычтуусу аларда коронавирус жок деп жатышат, бул Тажик өкмотүнүн айткандарынын чын экенине күмөн жаратат", "Тажиктер иран туугандарынан жана гастер-жамшуттарынан вирус жугуза элекпи? Силер буга ишенесиңерби? Пакистанда, Индияда, Афганистанда алардын боордош индоиран туугандары жашайт, түшүндүрүп берейин, индустар менен ирандар тектеш тилде – индо-иран тобундагы тилде сүйлөшөт! (орус. – «При наших соседях и врагов не надо! Нам следует после завершения ЧП в Кыргызской Республике поставить под жесткий контроль перемещение грузов из Таджикистана и их граждан, так как у них, к большому удивлению, нет коронавируса, что вызывает большое сомнение в правдивости слов правительства Таджикистана»; «Таджики не заразились от родственных иранцев и от своих гастеров-джамшутов? Вы в это верите?! В Пакистане, Индии и Афганистане живут их собратья-индоиранцы, поясняю — индийцы плюс иранцы, шпрехают на близкородственных языках индо-иранской группы!»* Кыргыз Республикасындагы «кастык тили» эң көп кездешкен веб-сайттар менен социалдык тармактар:

— Kaktus Media (комментарийлерде)
— delo.kg (негизинен америкалыктарга карата hate speech)

Кыргыз Республикасындагы дезинформация эң көп кездешкен веб-сайттар менен социалдык тармактар:

— super.kg (Супер Инфо)
— maalymat.kg - Instagram
— WhatsApp

## Тажикстан Республикасы

### «Кастык тили» жана дезинформация камтылган темалар

Тажикстан менен Кыргызстандын чектешкен аймактарындагы чыр-чатактар, эмгек миграциясы, коронавирус, кытайлар, гендер, ислам, Өзбекстандык студенттер.

### Контекст жана триггерлер

### Пандемия COVID-19, башка жактан келген жарандарга карата дискриминация

Веб-сайттардын бири коронавирустан каза болгон биринчи учур туурасындагы жалган маалыматты кайра басып чыккан.

Бул маалыматты саламаттыкты сактоо министрлиги төгүндөгөн.

Источник:
Pressa.tj

«Озоди» радиосунун башка материалы, АКШдан кайтып келген журналист жөнүндө, ал ыктыярдуу түрдө коронавируска тест тапшырып көрүүнү чечкен: «*Мага жардам көрсөткөндүн ордуна, алар (врачтар) менден оолактап, мага жакындагандан коркуп жатышты*», — деп жазган журналист. Бул материал көп талаштар менен комментарийлерге себеп болду, анда колдонуучулар медкызматкерлерди сындап, аларды коррупцияга күнөөлөп, эгер өлкөдө коронавирус пайда болсо медиктер биринчи качып кетишет деген коркунучтарын билдиришти.

Булагы:
Радио «Озоди»

### Пандемия COVID-19, ксенофобия, диний араздашуу

Тажикстан Республикасында коомдук жайларда намаз окуганга кайрадан уруксат берилип, мечиттер эшиктерин ачышты. Бул маалымат тармакта жергиликтүү мусулмандардын башка дин өкүлдөрүнө, башка этносторго – христиандар менен еврейлерге карата терс комментарийлерин пайда кылды. Окурмандар мечиттер ачылганына кубанып, бул Аллахтын ырайымы деп кабылдашты. Башка өлкөлөрдө коронавирустун жайылышына байланыштуу кырдаалды алар башка динди тутунганы жана башка улутка таандыктыгы менен байланыштырышты. Сүйлөгөн сөздөрүндө «таза мусулман» деген терминди артыкчылык тону менен колдонушту, башка конфессияларды басынтуу иретинде айтылды: «*алардын баары каапырлар. Бардык тажиктер бейишке барат, анткени, тажиктер – таза мусулмандар*» (*орус. – все они кафиры. Все таджики попадут в рай, потому, что таджики — чистые мусульмане*”).

Источник:
Facebook.com

### Улуттар аралык араздашуу

Казак ТВсындагы телешоу, казак актерлору тажиктерди сындашат.

Источник:
Facebook.com

Тажиктер бул видеону улутту мазактоо катары кабылдап, Тажикстандын Казакстандагы элчисинен бул маселени чечүүнү талап кылышты. Комментарийлерде тажиктер ушул күнгө чейин казактарды сыйлап, жакшы мамиле кылып келгени, бирок бул телешоудан кийин алардан терс бурулганы туурасында ыр саптары пайда болду, ошондой эле комментарийлерде казактарга карата орой лексика жана кемсинткен сөздөр айтылды. «*Фикр мекунам назди миллати сарбаланди точик ин сагбачахо ба зуди узр мепурсанд*», «*Какой-то казах катори радился в пустинах не выдел кроми верблюдах и пил грязного и ванючего кумиза нет ни каковаго прошдого хочит покажит себе что они крутие!*»

Булагы:
Радио Азаттык

Тажикстан Республикасындагы «кастык тили» эң көп камтылган веб-сайттар менен социалдык тармактар:

— Asiaplustj.info
— Ozodi.org
— Avesta.tj
— Khovar.tj

Тажикстан Республикасындагы дезинформация эң көп камтылган веб-сайттар менен социалдык тармактар:

— Ittiloot.com
— Asia-times.org
— Asiaplustj.info
— Ozodi.org
— Avesta.tj
— Khovar.tj
— Tj.sputniknews.ru
— WhatsApp
— Facebook.com

## Өзбекстан Республикасы

### «Кастык тили» жана дезинформация камтылган темалар

Эмгек миграциясы, коронавирус, кытайлар, гендер, дин, медиктер жана пандемия учурунда чет өлкөдөн кайтып келгендер, махаля (өзбек кварталы) кызматкерлери, облус жашоочулары жана борбордун жашоочулары.

### Контекст жана триггерлер

**Пандемия COVID-19, фейктердин тарашы жана ага карата мамилелер**

Май куючу бекеттер жабылат экен деген имиштер узун кезектерди пайда кылды. Бул имиштер дароо эле төгүндөлүп, кийинки күнү эле кезек күткөндөр байкалган жок. Фейктер активдүүлүк менен өндүрүлүп, бийлик ага дароо кайтарым байланыш кылып жатты: ММКларда Telegram-каналында фейк жарыялаганы үчүн кармалган колдонуучу тууурасында чагылдырышты. Сенат фейк үчүн жазаны катаалдаштыруу маселесин карады. Франциядан келген биринчи коронавирус менен түшкөн биринчи оорулуу Нигора Муратова, социалдык тармактарда кибербуллингге кабылды.

«Мурад Билдингс» компаниясынын негиздөөчүсү Мурад Назаров коронавируска шектелип үй карантинге алынды.

Булагы:
Telegram

Facebook баракчасында «Мурад Билдингс» компаниясы менен байланышы бар NRG компаниясы карантин убагында деле элиталык турак-жайдын курулушун токтотпогону тууурасында публикациялар пайда болду. Бул фейк балким, атайын алагды кылуу, маалыматтык фонду буруу үчүн чыгарылышы мумкүн. «Мурад Билдингс» — Өзбекстандагы ири курулуш компанияларынын бири. Анын негиздөөчүсү – элге таанымал адам, аталган фейк атактуу адамдар коронавирус жугузуп алганы

туурасында кабарланганда пайда болчу эл аралык фейктерди тууруган фейк болушу да мумкүн.

**Пандемия COVID-19, гендердик белгилерине карата дискриминация**

Коронавирустан айыккан кыз «Узбекистан 24» каналына интервью берди.

Булагы:
Upl.uz

Материалга карата жазылган комментарийлерде ал кыз Турцияда сойкулук менен алектенип келгенин кыйыткан маанидеги сөздөр айтылган "*өзүнүн пирожкисин сатканы барды да*" (*орус. – «ездила пирожок свой продавать»*): өзбек аялдары Турцияга, Араб Эмираттарына сойкулук менен алектенгени барышат деген стереотиптик ынанымдар бар). Комментарийлерде ооруп калгандарга, чет өлкөдөн учуп келгендерге карата негативдүү маанай байкалат: "*Жөнөкөй адамдар ал жакка бармак беле*", *Ал жактан көңүл ачып жүрүшөт да, бизге көйгөйлөрдү алып келишет*" (орус. – «*Простые люди туда не ездят*», «*Они там развлекаются, а нам привозят проблемы*») мындай маанай этноско, дин ишенимдерине карата да акырындап өтөт: "*Өзбекстанды уят кылып жатасың*", "*Өзүңдүн Азербайжаныңа кет*", "*Келесоо фанатиктер*", *Мунун бары силердин айынардан, кудайсыздар*" (орус. – «*Позоришь Узбекистан*», «*Езжай в свой Азербайджан*», «*Тупые фанатики*», «*Это из-за вас, безбожники*»). Жетишсиз деңгэлде маалымдалган коомчулук белгисиз коркунучтун алдында мындай жаңылыкты агрессивдүү кабылдады.

**Пандемия COVID-19, ксенофобия**

Лондондогу АКШ элчиси, Кытай бүт дүйнөнү коркунучка салганын билдирди.

Булагы:
Upl.uz

Карантинге байланыштуу жалпы маалыматтык мейкиндик чыңалууда турганда жана веб-сайттын жалпы риторикасына Россия-АКШ тиреши мүнөздүү болгон шартта, комментарийлерде мунун баары бири-бирине кошул-ташыл болуп, америкалыктарга карата «кастык тилин» пайда кылды: "*Эми Штаттагылар да көрүшсүн. Айбандар, атайлап башка өлкөлөрдүн экономикасын талкалап жатышат. Кытайдыкын өзгөчө. Атаандашы да*", "*Эгер америкалыктар улут катары кырлып жок болсо же Штаттар суу алдына чөгүп кетсе, вулкан алдында калса, калган дүйнө эркин дем алып, рахмат айтмак*" (*орус. – «Пусть теперь и Штаты в заднице побудут. Твари, специально подрывают экономики других стран. А Китая - особенно. Ибо конкурент», «Если вымрут американцы как нация или Штаты уйдут под воду, накроет их вулканом, весь остальной мир вздохнет свободно и скажет только спасибо»*).

**Пандемия COVID-19**

Ырчы Мавлуда Асалхужаева, карантинге карабай, үйлөнүү тоюнда колкап жана беткап менен ырдады.

Булагы:
Upl.uz

Публикациянын авторлору мындай агрессивдүү реакция болоорун алдын ала билиши керек эле, анткени ага чейин да бул окуя тууралу эки публикация жарык көргөн: 1) жаңы үйлөнгөндөргө айып салынганы жөнүндө жана 2) үйлөнү тою кандай өткөнү жөнүндө. Эки публикация тең кастык маанайда кабылданган. Жаңылыкка карата комментарийлерде колдонуучулар мындай «жоопкерчиликсиз» адамдарга карата агресивдүү лексика колдонушкан: “*акмактар канча көп болгон сайын, акмактар ошончо аз болот*” “*мээси жоктор*” (*орус. – «чем больше дебилов, тем меньше дебилов, «тупоголовые»*), аларды эч кандай коргоочу каражаты жок оорулууларды бакканга жөнөтүүгө чакырыктар орун алды, “*эгер эле ошондой эр жүрөк болушса, эл душманы катары атуу керек*” (*орус. – «раз они такие смелые и расстрелять как врагов народа»*).

### Улуттар аралык араздашуу, русофобия

Россиялык блогер Лебедев Өзбекстан тууралу мазактаган пикирин билдирген ролик: карантинге байланыштуу көрүлгөн чаралар, вирус жугузуп алган адамдарга карата өзбектердин мамилеси жөнүндө. Өзбекстандагы кырдаал менен тааныш эмес, же айрым бир үзүк-үзүк маалыматы бар, эскирген штамптары менен гана тааныш болгон автор карантиндик чаралар менен жарандардын этияттыгын бурмалоо менен мазактаган маанайда чагылдырат. Өз сөзүндө блогер Лебедев орой лексиканы активдүү колдонот. Өзбекстандык блогер Шухрат Мусаев россиялык блогердин асылгандарына аргументтүү жооп кайтарып, Өзбекстандагы көрүлгөн чараларды түшүндүрүүгө аракет кылган. Лебедевдин жооп катары чыгарган видеосу мурдагыдай эле жетиштүү деңгээлде агрессивдүү мүнөздө болуп, тактап айтканда, анын сөздөрүнүн агрессивдүүлүгүнүн деңгээлин катылуу же асылууга барабар деп баалоого болот.

Улуттук негиздеги тирешүү документтерди жүргүзүү өзбек тилинде (мамлекеттик тилде) болбосо айып салынаары жөнүндөгү мыйзам долбоорун кабыл алууга алып келди. Орус тилдүү калк муну алардын укуктарынын бузулушу катары карайт, ал эми өзбек тилдүүлөр үчүн - өзбек тилинин ордун бекемдөө чарасы болуп саналат. Комментарийлерде төмөнкүдөй сөздөрдү кезиктирүүгө болот: «ватник», «шовинист», «националист», «русский мир», «русские — враги», «зомби», «узбекмисан» (өз. - «сен өзбексиңби же жокпу?»).

Булагы: Facebook.com (иштебейт)

Белгилүү укук коргоочу жана журналист Карим Бахриевдин «Өзбекстандагы орус шовинизминин экстерьери жана интерьери» аттуу публикациясы.

Булагы:
Facebook.com

Комментарийлерде өзбек тилин билбегендерге жарандык берүүдөн баш

тартуу чакырыктары айтылат. Тил маселеси – Өзбекстанда негизи эле курч маселе. Ошондой эле 1864-жылы Ташкентти алууда курман болгон орус солдаттарынын урматына курулган чакан чиркөөнү калыбына келтирүү боюнча маалыматты талкуулоодо да улуттук сезимдер кызыды. Комментарийлерде колдонуучулар «кастык тилин» колдонуу менен, башка сезимтал темаларды да козгошту: «узбекский хлеб ешь, а языка не знаешь» (орус. – “өзбектин нанын жеп жатып, өзбек тилин билбейсиң”) ж.б. ушул эле толкундун эпикини менен «орус», «Россия», «Советтер Союзу» деген сөздөр бар башка публикациялар да агрессивдүү кабылданды.

Булагы: Facebook.com (иштебейт)

Өзбекстан Республикасындагы «кастык тили» эң көп кездешкен веб-сайттар менен социалдык тармактар:

— Upl.uz (каттоодон өтпөгөн ММК)
— Vesti.uz

Өзбекстан Республикасындагы дезинформация эң көп кездешкен веб-сайттар менен социалдык тармактар:

— Upl.uz (каттоодон өтпөгөн ММК)
— Ok.ru
— Telegram
— Чадра
— Facebook.com

## Кошумча материалдар


1. Дубровский Д.В., Карпенко О.В. Язык вражды в русскоязычном Интернете: материалы исследования по опознаванию текстов ненависти / Д.В. Дубовский, О.В. Карпенко. — СПб: Санкт- Петербургдагы Европа университетинин басмаканасы, 2003. — 72 б.

2. Верховский А.М. Язык мой… Проблема этнической и религиозной нетерпимости в российских СМИ / А.М.Верховский. — М.: РОО «Центр 'Панорама'», 2002. — 200 б.

3. Евстафьева А.В. О некоторых лингвистических маркерах «языка вражды» в манипулятивных приемах в средствах массовой информации / А.В.Евстафьева // Башкыр университетинин кабарчы-гезити.— Том 13.— No 4. — 2008. — С. 994–996.

4. Backgrounds, Experiences and Responses to Online Hate Speech: A Comparative Cross-Country Analysis. // URL: http://www.unicri.it/special_topics/ hate_crimes/Backgrounds_Experiences_and_Responses_to_Online_Hate_Speech_A_Comparative_Cross-Country_Analysis.pdf

5. Mapping and analyzing hate speech online: Opportunities and Challenges for Ethiopia. // URL: http://pcmlp.socleg.ox.ac.uk/wp-content/uploads/2014/12/ Ethiopia-hate-speech.pdf

6. Islamophobia on Social Media: A Qualitative Analysis of the Facebook's Walls of Hate, Imran Awan1 Birmingham City University, United Kingdom. // URL: http://www.cybercrimejournal.com/ImranAwanvol10issue1IJCC2016.pdf

## Булактардын тизмеси


1. БУУнун майыптардын укугу боюнча Комитетинин кеңештери. // URL: https://perspektiva-inva.ru/en/protec-rights/oon/2018-05-04-09-09-09
2. Щербинина Ю. В. Речевая агрессия: территория вражды. — М.: Форум, 2013. — 400 б. — библиогр.: С. 366-388
3. Зомбулук жана анын ден соолукка таасири. ДСУ (2003). Дүйнөдөгү кырдаал боюнча доклад. // URL: http://www.who.int/violence_injury_prevention/violence/world_report/en/WRVH%20RU.pdf
4. Казакстандын социалдык тармактарындагы кастык тилине мониторинг (2017). МЦЖ — Medianet, 2017. // URL: http://www.who.int/violence_injury_prevention/violence/world_report/en/WRVH%20RU.pdf ; https://www.academia.edu/35894758/Мониторинг_языка_вражды_в_социальных_сетях_в_Казахстане_2017.
5. КРдагы шайлоо алдында жана андан кийинки дискурстагы кастык тили. Соңку доклад, —Тынчтык орнотуу жана медиатехнологиялар Мектеби , 14.12. 2020. // URL: http://www.ca-mediators.net/ru/issledovaniya/media-monitoring/
6. Разъясняя «кастык тили»: Практикалык колдонмо. 2015-жылдагы редакция. — Article 19, 2019. // URL: https://www.article19.org/wp-content/uploads/2015/12/A19_Hate-Speech-Report-2018_Russian.pdf
7. Ослон А. Уолтер Липпман стереотиптер жөнүндө: «Общественное мнение» китебинен үзүндү. // Ж/л «Социальная реальность» № 4, 2005.
8. Судаков К. В. Динамические стереотипы, или Информационные отпечатки действительности. — М.: ПЕРСЭ, 2002.
9. Исаев М.И. Словарь этнолингвистических понятий и терминов. — 3-е изд. — М.: Флинта, 2003.
10. На пути к социально ответственным СМИ: преодоление «языка вражды» и развитие гражданских медиа. Журналисттер жана коомдук активисттер үчүн колдонмо. — Симферополь: «Интеграция жана өнүгүү» борбору, 2011. С.10-11.

## ММКлардагы публикациялар


1. У каждого было около 200 аккаунтов в соцсетях. Как устроены «фабрики троллей» в Кыргызской Республике. — Kaktus Media, 21.11.2020. // URL: https://kaktus.media/doc/426423_y_kajdogo_bylo_okolo_200_akkayntov_v_socsetiah._kak_ystroeny_fabriki_trolley_v_kr.html

2. Как работают «тролли» Таджикистана и их казахстанские «коллеги» — Радио «Азаттык», 08/05/2019. // URL: https://rus.azattyq.org/a/tajikstan-and-its-troll-factories/29926761.html

3. О работе троллей и ботов в Узбекистане. — Hook Report,18/09/2018. // URL: https://hook.report/2018/09/arrrr-vokrug-trolli/

4. Анна Беляева. Фабрики троллей — новый стандарт в политическом пиаре? — DW, 14/12/2019. // URL: https://www.dw.com/ru/фабрики-троллей-новый-стандарт-в-политическом-пиаре/a-51656603

5. Докатились! В России начали целовать ноги мигрантам. — Царьград, 24/07/2020, // URL: https://tsargrad.tv/articles/dokatilis-v-rossii-nachali-celovat-nogi-migrantam_269137

6. Из-за беспорядков в аэропорту из Москвы не прилетели 23 кыргызстанца — МВД. — Sputnik.kg. // URL: https://ru.sputnik.kg/incidents/20200518/1048343094/migranty-moskva-bishkek-charternyj-rejs-karantin.html

7. Каждые 5 минут — тост, тост, тост. Что удивляет нигерийца, живущего в Алматы, — Tengrinews.kz, 14/01/2019. // URL: https://tengrinews.kz/article/kajdyie-5-minut-tost-tost-tost-udivlyaet-nigeriytsa-1007

8. Свобода слова против языка вражды. // URL: https://share.america.gov/ru/свобода-слова-против-языка-вражды